O‘ZBEKISTON RESPUBLIKASI TA’LIM VA ILM-FAN VAZIRLIGI

ALISHER NAVOIY NOMIDAGI TOSHKENT DAVLAT O‘ZBEK TILI VA ADABIYOTI UNIVERSITETI



“O‘ZBEK TILINING GLOBAL MAQOMI VA NUFUZINI OSHIRISH ISTIQBOLLARI”

MAVZUSIDAGI XALQARO ILMIY-AMALIY KONFERENSIYA MATERIALLARI







2026-yil
16-oktabr

VIII. O‘ZBEK TILI VA DIPLOMATIYA: XALQARO MUNOSABATLARDA TILNING O‘RNI

КЫРГЫЗ, ӨЗБЕК ТИЛДЕРИ ЖАНА АЛАРДЫН АДАБИЙ-МАДАНИЙ БАЙЛАНЫШТАРДАГЫ РОЛУ

DOI: 10.52773/tsuull.conf.2026.10.16/GXVJ5823

Темирова Бактыгүл Тажибаевна,
ф.и.д. профессор, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети, кыргыз филологиясы факультети, манастаануу жана дүйнөлүк адабият кафедрасы. Бишкек шары, Кыргыз Республикасы..
temirova-b65@mail.ru009-0008-1336-2875 *htts://orcId.orq!*
Темирова Махбуба Алибековна,
ф.и.б. ф.д. профессор. Андижан мамлекеттик педагогикалык институту. Филология факультети, Кыргыз тили таалими кафедрасы. Андижан шаары. Өзбекстан Республикасы, Филология илимдери боюнча философиянын доктору, профессор,
e-mail: temirova_65@mail.ru ,ID: 0009-0001-0379-6185

Аннотация. *Макалада кыргыз жана өзбек элдеринин байыркы дооролордон тартып бүгүнкү күнгө чейинки лингвистикалык, маданий жана адабий байланыштарынын тарыхый ролу изилдөөгө алынды. Илимий эмгекте алтай тилдер үй-бүлөсүнүн түрк тобуна кирген кыргыз жана өзбек тилдеринин агглютинативдик түзүлүшү, лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү, ошондой эле сингармонизм мыйзамына байланыштуу айырмачылыктары жадыбалдар аркылуу терең талдоого алынган. Фольклордук деңгээлдеги жалпылыктар (макал-лакаптар, каада-салт ырлары, эки элдин рухий тамырлашуусунун далили катары каралат.*

Макаланын өзгөчө илимий баалуулугу - XX кылымдын башындагы жана ортосундагы профессионал жазма адабияттын залкарларынын өмүрү менен чыгармачылыгындагы параллелдерди алгачкы жолу системалуу ачып бергендигинде турат. Тактап айтканда, кыргыз жана өзбек тил илиминин, агартуучулук кыймылынын негиздөөчүлөрү Касым Тыныстанов менен Абдурауф Фитраттын тагдырлаш жолу, репрессия курмандыгы катары 1938-жылы атылышы; ошондой эле чыгармачылыгы гүлдөп турган убакта, 34-35 жашында көзү өткөн Жоомарт Бөкөнбаев, Алыкул Осмонов жана Хамид Олимжондун өмүрлүк, адабий окшоштуктары

салыштырмалуу адабият таануу методологиясынын негизинде изилденген. Макалада М. Элебаевдин «Узак жол» романы менен Айбектин «Бала чак» повестинин доорду чагылдыруудагы үндөштүгү, Алишер Навои, Гафур Гулям, Төлөгөн Касымбековдун чыгармаларынын котормо өзгөчөлүктөрү жана Чыңгыз Айтматовдун өзбек адабий чөйрөсүндөгү орду, анын өзбекстандык кормочулары менен досторужөнүндө сөз болот.Корутунду бөлүгүндө эки тилдин 1989-жылы бир убакта мамлекеттик макам алышы, быйылкы 37 жылдыгы жана бүгүнкү күндө Борбордук Азиядагы элдик дипломатиянын жандуу куралы катары кызмат кылышы тарыхый-социалдык өңүттө негизделген.

Ачкыч сөздөр: *кыргыз тили, өзбек тили, маданий-адабий байланыштар, агглютинативдик тилдер, салыштырма адабият таануу, Касым Тыныстанов, Абдурауф Фитрат, Жоомарт Бөкөнбаев, Хамид Олимжон, Алыкул Осмонов, Чыңгыз Айтматов, адабий котормо, мамлекеттик тил.*

Annotatsiya. *Maqolada qirg‘iz va o‘zbek xalqlarining qadim zamonlardan to bugungi kungacha bo‘lgan lingvistik, madaniy va adabiy aloqalarining tarixiy roli kompleks ravishda tadqiq etilgan. Ilmiy ishda oltoy tillari oilasining turkiy tillar guruhiga kiruvchi qirg‘iz va o‘zbek tillarining agglyutinativ tuzilishi, leksik va grammatik xususiyatlari, shuningdek, singarmonizm qonuniyatiga bog‘liq bo‘lgan farqlari jadvallar yordamida chuqur tahlil qilingan. Folklor darajasidagi umumiyliklar maqollar, urf-odat qo‘shiqlari ikki xalqning ma’naviy ildizdoshligiga dalil sifatida ko‘rib chiqilgan.*

Maqolaning alohida ilmiy qiymati — XX asr boshi va o‘rtalaridagi professional yozma adabiyot darg‘alarining hayoti va ijodidagi parallellikni ilk bor tizimli ravishda ochib berganligidadir. Xususan, qirg‘iz va o‘zbek tilshunosligi hamda ma’rifatparvarlik harakatining asoschilari Qosim Tinistanov va Abdurauf Fitratning taqdirdosh yo‘li, qatag‘on qurboni sifatida 1938-yilda qatl etilishi; shuningdek, ijodi mavj urgan davrda, 34-35 yoshida bevaqt vafot etgan Joomart Bo‘konboyev, Aliqul Osmonov va Hamid Olimjonning hayotiy hamda adabiy o‘xshashliklari qiyosiy adabiyotshunoslik metodologiyasi asosida o‘rganilgan. Buning bilan birga, maqolada M. Eleboyevning “Uzoq yo‘l” romani va Oybekning “Bolalik” qissasining davrni yoritishdagi hamohangligi, Alisher Navoiy, G‘afur G‘ulom, To‘logon Qosimbekov asarlarining tarjima xususiyatlari hamda Chingiz Aytmatovning o‘zbek adabiy muhitidagi o‘rni, uning o‘zbekistonlik tarjimonlari va do‘stlari ro‘yxati batafsil bayon etilgan. Xulosa

qismida ikki tilning 1989-yilda bir vaqtda davlat tili maqomini olgani, bu yilgi 37 yilligi va bugungi kunda Markaziy Osiyodagi xalq diplomatiyasining jonli quroli sifatida xizmat qilayotgani tarixiy-ijtimoiy jihatdan asoslab berilgan.

Kalit so‘zlar: *qirg‘iz tili, o‘zbek tili, madaniy-adabiy aloqalar, agglyutinativ tillar, qiyosiy adabiyotshunoslik, Qosim Tinistanov, Abdurauf Fitrat, Joomart Bo‘konboyev, Hamid Olimjon, Aliqul Osmonov, Chingiz Aytmatov, adabiy tarjima, davlat tili.*

Annotation. *The article provides a comprehensive study of the historical role of the linguistic, cultural, and literary ties between the Kyrgyz and Uzbek peoples from ancient times to the present day. It offers an in-depth, table-supported analysis of the agglutinative structure of Kyrgyz and Uzbek, both members of the Turkic group of the Altaic language family, as well as their lexical and grammatical features and the differences arising from the law of vowel harmony (synharmonism). Commonalities at the level of folklore, such as proverbs and ritual songs, are examined as evidence of the shared spiritual roots of the two peoples.*

The particular scholarly value of the article lies in its first systematic exploration of the parallels in the lives and works of leading figures of professional written literature in the early and mid-twentieth century. In particular, using the methodology of comparative literary studies, it examines the shared fate of Kasym Tynystanov and Abdurauf Fitrat, founders of Kyrgyz and Uzbek linguistics and of the enlightenment movement, both victims of political repression executed in 1938. It also examines the biographical and literary similarities of Joomart Bokonbaev, Alykul Osmonov, and Hamid Olimjon, who each died prematurely at the age of 34–35, at the height of their creative powers. In addition, the article discusses in detail the consonance between M. Elebaev's novel "The Long Road" and Oybek's novella "Childhood" in their portrayal of the era, the features of translations of works by Alisher Navoi, Gafur Gulyam, and Tologon Kasymbekov, and the place of Chingiz Aitmatov in the Uzbek literary milieu, including a list of his Uzbek translators and friends. The conclusion provides a historical and social rationale for the fact that both languages simultaneously received state-language status in 1989, now marking its 37th anniversary this year, and that they serve today as a living instrument of people-to-people diplomacy in Central Asia.

Keywords: *Kyrgyz language, Uzbek language, cultural and literary relations, agglutinative languages, comparative literary studies, Kasym*

Tynystanov, Abdurauf Fitrat, Joomart Bokonbaev, Hamid Olimjon, Alykul Osmonov, Chingiz Aitmatov, literary translation, state language.

Түрк тилдер түркүмүнө кирген кыргыз жана өзбек тилдери, эки элдин негизги улуттук белгиси катары кызмат өтөп келүүдө. Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили. Өзбек тили – Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик тили. Бүгүнкү күндө бул эки улуттук тилди дүйнө боюнча колдонуучулар жөнүндө маалыматтарды салыштырганыбызда, кыргыз тилинде болжолдуу түрдө дүйнө жүзү боюнча 6700000 адам сүйлөйт. Ал эми өзбек тилинде сүйлөшүүчүлөрдүн санын 50 миллиондон ашык адам түзөт. Өзбек тилинде сүйлөшкөндөрдүн санынын мынчалык көптүгү Өзбекстан калкынын жыштыгы менен гана чектелбейт. Бул тилди Борбордук Азиянын башка мамлекеттеринде, тактап айтканда, Тажикстан, Ооганстан, Кыргызстан, Казакстан чөлкөмдөрүндө да миллиондогон калк да күнүмдүк турмушта жандуу пайдаланат.

Ошого карабай, бул эки тил тең алтай тилдер үй-бүлөсүнүн түрк тобуна кирип, бир улуу, көркөм даректын бутактары. Алардын грамматикалык түзүлүшү жана сөз фонду абдан окшош. Кыргыз жана өзбек тилдери агглютинативдик тилдердин классикалык үлгүсү болуп саналат. Баарыбызга белгилүү болгондой, агглютинативдик тилдерге сөздөргө жаңы маани берүү же аларды грамматикалык жактан өзгөртүү үчүн негизге (уңгуга) мүчөлөр (аффикстер) биринен кийин бири ырааттуу түрдө “жабышып” кошулган тилдер кирет.

Кыргыз жана өзбек тилдериндеги мындай өзгөчөлүктү төмөнкү жадыбалдан көрүүгө болот:

	Кыргыз тилинде мисал	**Өзбек тилинде мисал**
.	Иш (уңгу)	Иш (ўзак)
.	Иш+кер = Ишкер (жаңы сөз жасалды)	Иш+чи = Ишчи (янги сўз ясалди)
.	Иш+кер+лер = Ишкерлер (көптүк маани кошулду)	Иш+чи+лар = (кўплик қўшимчаси)

.	Иш+кер+лер+дин = Ишкерлердин (Илик жөндөмөсүнүн мүчөсү кошулду)	Иш+чи+лар+нинг = Ишчиларнинг (Каратқич келишиги)

Кыргыз жана өзбек тилдеринин лексикасында абдан окшош сөз фонду кездешет. Мисалы, сандар (бир – бир, эки – икки, үч – уч, төрт – тўрт, беш – беш), үй-бүлө мүчөлөрүнүн аталыштары (ата – ота, эне – она, ага – ака, сиңди – сингил) жана күнүмдүк турмуш-тиричилик сөздөрү да дээрлик бирдей. Мындай көрүнүш, тилдик жакындык эки элдин бири-бирин тилмечсиз түшүнүүсүнө шарт түзөт.

Илимий жактан алып караганда, окшоштуктар менен бирге айырмачылыктарды да көрсөтүп өтүү зарыл. Кыргыз тилинде жөндөмө мүчөлөрү сингармонизм, тактап айтканда, үн шайкештиги мыйзамы менен аябай көп вариантта кубулуп турса, (мисалы: -га, -ге, -го, -гө, -ка, -ке, -ко, -кө), өзбек тилинде жөндөмө мүчөлөрү абдан туруктуу келет. Негизинен бир гана вариантта колдонулат ва катуу, жумшак деп бөлүнбөйт, болгону Барыш жөндөмөсүндө гана -ga, -ka, -qa варианттары кездешет.

Кыргыз жана өзбек тилдериндеги окшоштуктар менен айырмачылыктар өзүнчө изилдөөнү талап кылат. Эки тил – кылымдар бою бирге жашап, тамыры бир, тагдыры тагдырлаш болгон эки бир тууган элдин рухий дүйнөсүн чагылдырган тил. Ошондуктан да, биз макалабызда бул эки тилдин кыргыз жана өзбек элдеринин маданий-адабий байланыштарындагы ролун ачып берүүнү да максат кылып алганбыз.

Кыргыз жана өзбек элдеринин тээ байыркы мезгилден эле фольклордук чыгармаларында, жазма адабияттарында да окшоштуктар кездешет. Бул элдердеги макалдарда, бешик ырларында, арман ырларында, кошокторунда, термелеринде, санат-насыят ырларында жана башка оозеки элдик чыгармаларында окшоштуктар көп. Ал эми кыргыз жана өзбек элдери орто кылымдардагы жалпы түрк жазма адабиятынын залкар туундуларын, Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим» дастанын, Махмуд Кашгаринин «Дивану лугати-т-түрк» эмгегин эки эл тең ар бири өздүк, орток чыгармалары жана мурас казынасы катары көрүшөт. Окшош оозеки чыгармачылыктан, орто кылымдагы жалпы түрк жазма адабиятынан дагы көптөп мисалдарды келтирүүгө болот.

Профессионал кыргыз жана өзбек адабияттарынын тарыхы, тагдыры жөнүндө да токтоло кетсек. Кыргыз жана өзбек адабиятына салым кошкон акын-жазуучулардын өмүрү, чыгармачылыгы менен таанышканда,

көпчүлүгүнүн тагдырлары окшош болгонун көрүүгө болот. Мисалы, Касым Тыныстанов менен Абдурауф Фитраттын тагдырларында абдан көп окшоштуктар бар. Алар өз элдеринин тарыхында бир эле мезгилде (XX кылымдын башында) совет доорунда жашап, бирдей максаттарды көздөгөн жана тагдырлары да окшош болгон залкар инсандар. Эки ишмер тең өз элдерин сабатсыздыктан, артта калуучулуктан куткарууну каалашкан. Фитрат Өзбекстандагы жадидчилик (жаңылануу) кыймылынын лидери болсо, Тыныстанов да ошол эле прогрессивдүү идеяларды Кыргызстанда ишке ашырган. Эки агартуучу тең өз убагында Чыгыш менен Батыштын илимин айкалыштыра алган, бир нече тилдерде эркин сүйлөгөн өз мезгилинин билимдүү, агартуучу адамдары болгон.

Касым Тыныстанов да кыргыз тилинин алгачкы морфология жана синтаксис окуу китептерин жазып, кыргыз тил илиминин атасы аталган болсо, Фитрат өзбек тилинин туңгуч илимий грамматикасын («Сарф» (Морфология) жана «Нахв»(Синтаксис)) жараткан. Экөө тең эски араб жазуусун реформалоо жана кийинчерээк латын алфавитине өтүү процесстеринин башында турушкан жана бул боюнча эл аралык курултайларда, мисалы, 1926-жылы Бакудагы Түркологиялык курултайда бирге катышышкан. Бул эки улуу инсандар тең бир эле учурда илимпоз, мамлекеттик ишмер жана ошону менен бирге таланттуу акын, драматург болушкан. Фитрат «Абулфайзхон» сыяктуу тарыхый драмаларды жазса, Тыныстанов кыргыз профессионал театрынын түптөлүшүнө салым кошуп, пьесаларды жана ыр жыйнактарды чыгарган. Сталиндик репрессия убагында аларга «Эл душманы» деген жалган жала жабылып, экөө тең советтик режим тарабынан репрессияга учурап, бир убакта 1938-жылы атууга өкүм кылынган. (Фитрат 4-октябрда Тошкентте, Тыныстанов 6-ноябрда Фрунзеде). Кийинчерээк экөө тең акталган.

Эки элдин профессионал жазма адабиятында калктын басып өткөн тарыхый жолу Айбектин “Бала чак” повести менен Мукай Элебаевдин “Узак жол” романында чагылдырылган. Чыгармалар бири-бирине үндөшүп, автобиографиялык мүнөзгө ээ жана эки жазуучунун башынан өткөн окуялары тарыхый доор менен байланыштырылып сөрөттөлгөнөн көрүүгө болот. Бул чыгармаларда эки элдин башынан өткөргөн каардуу, трагедиялуу тарыхый доордун көркөм элеси жатат.

Өзбек жана кыргыз адабиятынын тарыхында бири-бирине абдан жакын, окшош жана кесилишкен параллелдик учурлар бар. Маселен,

Алыкул Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу сөз болгондо, Хамид Олимжон, Зулфия, Хамза, Миртемир, Абдулла Кодирий, Ойбек, Гафур Гулом сыяктуу өзбек адабиятынын ошол доордогу көрүнүктүү өкүлдөрү көз алдыбызга келет.

Көп кырдуу таланттын ээси, белгилүү акын, драматург, окумуштуу жана коомдук ишмер, өзбек адабиятынын легендарлуу инсаны Хамид Олимжон болгону 35 жыл гана өмүр сүргөнүнө карабастан, анын өзүнөн калтырган маданий мурасы абдан салмактуу. Кыргыз акыны Алыкул Осмонов сыяктуу эле, Хамид Олимжон да эл оозеки чыгармачылыгын топтоо жана изилдөө сыяктуу чыгармачылык иштер менен алектенгени белгилүү. Хамид Олимжон сыяктуу эле Алыкул Осмонов да котормо тармагында зор ийгиликтерге жетишкендигин көрүүгө болот.

Эгерде Хамид Олимжон А.С. Пушкиндин “Кавказ туткуну”, “Суу периси”, М.Ю. Лермонтовдун “Бэла”, М. Горькийдин “Челкаш” сыяктуу чыгармаларын өзбек тилине которгон болсо, Алыкул Осмонов да А.С. Пушкиндин “Евгений Онегин” романын, Крыловдун тамсилдерин, Шекспирдин “Он экинчи түн” комедиясын, “Отелло” трагедиясын жана Шота Руставелидин “Жолборс терисин жамынган баатыр” поэмасын кыргыз тилине жогорку чеберчиликте которгон.

Кыргыз адабиятынын дагы бир таланттуу акыны, драматургу Жоомарт Бөкөнбаев жөнүндө да өзүнчө сөз кылууга болот. Ал өзүнүн мыкты ырлары, поэмалары жана пьесалары менен кыргыз адабиятынын тарыхында өчпөс из калтырганы баарыбызга маалым. Ал мазмуну терең, салмактуу идеяларды камтыган көптөгөн чыгармалары менен элдин эсинде калды жана анын адабий мурасынан бүгүнкү жаш муун да азыктанып келет. Жоомарт Бөкөнбаев да өзүнүн поэтикалык чыгармалары, пьесалары жана котормолору менен кыргыз адабиятын байытты. Прозада да, котормодо да өз калемин сынап көрдү. Гёте, Лермонтов, Абай, Шота Руставели, Маяковский сыяктуу дүйнөлүк классиктердин чыгармаларын кыргыз тилине которгон.

Жоомарт Бөкөнбаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы, өзгөчө, өзбек адабиятынын тарыхындагы Хамид Олимжондун өмүрү жана чыгармачылыгы менен абдан окшош. Эки элдин адабият тарыхында бул улуу акындардын чыгармачылыгындагы гана эмес, жашоо тагдырындагы окшоштуктар да адамды таң калтырбай койбойт. Хамид Олимжон сыяктуу эле Жоомарт Бөкөнбаевдин да чыгармачылыгы гүлдөп турган убакта,

болгону 34 жашында автокырсыктан улам мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгы өтө өкүнүчтүү. Бирок, Хамид Олимжон, Жоомарт Бөкөнбаев, Алыкул Осмонов сыяктуу чыгармачылыгынын туу чокусунда эрте соолуган залкарлар болгону 34-35 жашта болгондугуна карабастан, өздөрүнөн эбегейсиз зор адабий мурас калтырып кетишти. Мунун баары алардын тынымсыз чыгармачылык изденүүлөрүнүн жана талыкпаган эмгектеринин жемиши экендиги талашсыз.

Адабий котормо — бул эки элдин тилин гана эмес, дилин да жакындаткан рухий курал. Албетте, кыргыз жана өзбек адабиятынын тарыхында алардын көптөгөн көркөм чыгармалары бири-бирине которулганына күбө болобуз. «Манас» эпосу өзбек тилине Миртемир, Султан Акбарий, Турсунбай Адашбаев жана Зухриддин Исомиддинов өңдүү чыгармачыл инсандар тарабынан которулган.

Жемиштүү адабий байланыштардын алкагында өзбек адабиятынан Айбектин «Бала чак» повести Сүйүнбай Эралиев тарабынан, Алишер Навоинин «Лайли менен Мажнун» дастаны Узакбай Абдукаимов, Алыкул Осмонов, Темиркул Үмөталиев, Аалы Токомбаев, Кубанычбек Маликов, Самар Шимеев, Кубаныч Акаев, Насирдин Байтемиров өңдүү белгилүү таланттардын жоон тобу тарабынан, ошондой эле, Гафур Гулямдын ырлар жыйнагы С. Өмүрбаев тарабынан кыргыз тилине зор эргүү жана чеберчилик менен которулган. Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» тарыхый романы өзбек тилине Турсунбай Адашбаев тарабынан чеберчилик менен которулганы белгилүү.

Ал эми Чыңгыз Айтматовдун дээрлик бардык чыгармасынын өзбек тилине которулушу — жазуучунун мурасы өзбек элинде, адабий-маданий чөйрөсүндө өтө кадырлуу жана баалуу экенин далилдейт. Өзбекстанда Чыңгыз Айтматовдун Өзбекстандын Баатыры, адабиятчы окумуштуу Озод Шарафиддинов, Өзбекстандын Баатыры, эл акыны Абдулла Арипов, акын Турсунбай Адашбаев, Өзбекстандын эл жазуучулары Одил Ёкубов, Пиримкул Кодиров, Рамз Бабажан сыяктуу абдан көптөгөн достору жана максатташтары болгон. Кинорежиссёр Малик Каюмов, журналисттер Зият Есенбаев, Анвар Журабаев, Ахмаджон Мелибаевдер Чыңгыз Айтматов менен жакындан тааныш болушуп, анын чыгармачылыгын жогору баалашкан. Өзбек элинин Асил Рашидов, Ибрагим Гафуров, Суюн Караев, Якубжон Кожомбердиев, Набижан Бокий, Төлөнбай Курбанов сыяктуу котормочулары, ошондой эле Паризат Мирза-Ахмедова, Сайди Умиров,

Нарбай Ортиков, Гузал Абдуллаева сыяктуу көрүнүктүү «Айтматов таануучулары» бар.

Өзбек тилине мамлекеттик тил макамы 1989-жылдын 21-октябрында «Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамдын кабыл алынышы менен берилген. Ошондон бери Өзбекстанда жыл сайын 21-октябрь - Өзбек тили күнү катары салтанаттуу түрдө майрамдалып келет. Бүгүн, 2026-жылы, өзбек тилине Өзбекстан Республикасында мамлекеттик тил макамы берилгендигинин 37 жылдыгы белгиленүүдө. Кыргыз тили 1989-жылдын 23-сентябрында Кыргыз ССРинин Жогорку Советинде атайын мыйзам кабыл алынышы менен Мамлекеттик тил макамына ээ болгон. Ошондон бери өлкөбүздө жыл сайын 23-сентябрь -Мамлекеттик тил күнү катары чоң салтанат менен майрамдалып келет. Бүгүн, 2026-жылы кыргыз тилине Кыргыз Республикасында мамлекеттик тил макамы берилгендигинин 37 жылдыгы белгиленди. Кыргыз жана өзбек тилдери өз мамлекеттик макамдарын бир эле жылы (1989-жылы), болгону бир айлык айырма менен алышкан. Бул факт эки элдин эгемендүүлүккө, улуттук рухту кайра жаратууга болгон тарыхый умтулуусу бир убакта жана тагдырлаш жүргөнүн дагы бир жолу далилдейт.

Бүгүнкү күндө кыргыз жана өзбек тилдери Борбордук Азиядагы туруктуулуктун, экономикалык жана маданий кызматташтыктын негизги куралы болуп саналат. Кыргызстанда жашаган өзбектер кыргыз тилин, ал эми Өзбекстанда жашаган кыргыздар өзбек тилин эркин өздөштүрүп, эки мамлекеттин ортосундагы элдик дипломатиянын жандуу үлгүсү катары кызмат кылууда.

Жыйынтыктап айтканда, тил болгондо улут жашап, дүйнөгө элдин баалуулуктарын, наркын өз тилинде даңазалай берет. Кылымдар бою кошуна жашаган кыргыз менен өзбек элинин тарыхый тагдыры, эркиндик, теңдик үчүн күрөш жолдору, маданияты, дини, улуттук баалуулуктары окшош, тектеш эл. Бул эки тил кылымдар бою бирин-бири байытып, маданий-адабий байланыштарды чыңдоодо эң ишенимдүү жана ыйык рухий көпүрө болуп келген жана боло бермекчи.

АДАБИЯТТАР

1.Алишер Навои. Лайли менен Мажнун. Ташкент: Гаафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2019. –256 б.

2.Айбек. Бала чак. Ташкент: Гаафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2019. –320 б.

3.Гафур Гулам ырлары. Ташкент: Гаафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2019. –96 б.

4.Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-том. Бишкек, 2002. 684 б.

5.Манас. Саякбай Каралаев варианти. Бишкек: «Турар», 2010.1008 б.

6.Наим Каримов. Ҳамид Олимжон.Тошкент, 1979. 247 б.

7. Рашидов А. Чингиз Айтматов олами. Монография. Т.: “Ўқитувчи” нашриёт-матбаа ижодий уйи, 2011. – 280 б.

8. Чингиз Айтматов навечно в сердцах Узбекистанцев. (Книга воспоминаний). Тошкент– “NOSHIR”, 2008. 290 б.

MUNDARIJA

KIRISH SO‘ZI		
Sirojiddinov Sh.S.	O‘zbek tilining xalqaro nufuzini oshirish zarurati	**6**
I. O‘ZBEK TILINING JAHON TILLARI TIZIMIDAGI O‘RNI VA RIVOJLANISH TENDENSIYALARI		
Xolmanova Z.	O‘zbek tilining jahon tillari tizimidagi mavqeyini belgilashda lingvodidaktikaning o‘rni	**9**
Abdushukurov B.	Alisher Navoiy asarlaridagi qadimgi turkiy fe’llar semantikasi	**16**
Xudoyberdiyev J.	Mahmud Koshg‘ariy – singarmonizmning birinchi nazariyotchisi va ovrupolik olimlarning singarmonizm haqidagi xato qarashlari	**30**
Abdurahmanova M.	Alisher Navoiy merosi psixolingvistik talqinda	**45**
Xolmurodova M.	“Nasoyim ul-muhabbat” asaridagi tabobatga doir ayrim arabcha so‘zlar	**51**
O‘razova I.	Ot frazemalarning grammatik funksiyasi (Alisher Navoiy “Xamsa”sidagi frazemalar misolida)	**56**
Maxkamova D.	O‘zbek tili axborot-kommunikatsiya texnologiyalari	**60**

	terminologiyasi taraqqiyoti va tadqiqi	
Oripova M.	Sinestezik metaforalarda sezgilar interperatsiyasi	**66**
Muratova N.	Tilak va tabrik nutqiy aktlarida kommunikativ taktikaning tanlanish xususiyatlari	**72**
Abdullayeva G.	Folklor diskursida o‘xshatishlarning semantik-struktur va kognitiv tahlili	**78**
Xayrullayeva R.	Kichraytirish-erkalash shakllarining pragmatik ifodalanishi	**86**
Jumaniyozova Ch.	Sifat so‘z turkumida obyektiv va subyektiv belgilarning ifodalanishi	**90**
Abduvaliyeva K.	“Shajarayi turk” asaridagi ba’zi urug‘ nomlarining etnotoponim sifatidagi tahlili	**95**
Mullaboyeva Sh.	O‘zbek tilida o‘xshatishlar asosida estetik bahoning ifodalanishi	**107**
Mamadoliyeva M.	Graduallik kategoriyasining lingvistik tabiati va uning turdosh hodisalar bilan munosabati (Xayriddin Sultonov va Iqbol Mirzo asarlari misolida)	**115**
Mamarasulova M.	O‘zbek tili fonosemantik tahlilining fonologik asoslari	**130**
Siddiqova N.	O‘zbek xalq maqollaridagi eskirgan leksika: tarkibi,	**132**

	variantlanishi va lingvopoetik vazifalari	
Yusupova A.	Konseptlarning metaforik ifodalanishi va tahlil shakllari	**144**
O‘ralova N.	O‘zbek tilshunosligida parsellyatsiya hodisasi, uning sintaktik tavsifi va ega-kesim munosabatidagi o‘rni	**150**
Maxmudova M.	Kelishik kategoriyasining o‘rganilish tarixiga doir ayrim mulohazalar	**158**
Nurmatova S.	O‘zbek tilida rang ifodalovchi birliklarning lingvokognitiv strukturasi va konseptualizatsiya masalalari	**168**
Keldiyorova Z.	O‘zbek tilidagi shikoyat matnlarida nutqiy aktlarning ifodalanishi	**174**
Aliqulova Z.	Toponimlarning axborotni saqlash va uzatish xususiyatlari	**178**
Jurayeva Sh.	Hurmat kategoriyasining lisoniy birliklar bilan ifodalanishi	**183**
Karimova U.	Kultegin bitiktoshidagi xarakter-xususiyat bildiruvchi sifatlar tahlili	**188**
II. O‘ZBEK TILINI XALQARO MAYDONDA TARG‘IB QILISH STRATEGIYALARI		
Shamsiyeva M.	Peyzaj matnlari orqali turizmni rivojlantirish istiqbollari	**194**

Jo‘rayeva M.	Matnni tushunishda asar sarlavhasining ahamiyati	**201**
III. GLOBALLASHUV SHAROITIDA MILLIY TIL VA MADANIYATNI SAQLASH MASALALARI		
Ashirboyev S.	Adstrat sharoitidagi turkiy shevalarning o‘zaro ta’siri masalasi	**205**
Farhad Rahimi	Yakşı/ ĥoş, yap/ lap, ķop/ köp/ ĥob, appaķ/ pāk kelimeleri üzerine On the words yakşı/ ĥoş, yap/ lap, ķop/ köp/ ĥob, appaķ/ pāk	**210**
Xakimova M.	O‘zbek tilidagi metaforik konseptuallashtirishning milliy xususiyatlari	**232**
Abbozov O.	So‘x toponimlarining lingvomadaniy xususiyatlari	**238**
Komilova G.	O‘zbek tilida qadriyatlar tipologiyasining lingvistik verbalizatsiyasi	**245**
Xomidova M.	Zamonaviy o‘zbek badiiy matnlarida ertak elementlarining intertekstual xususiyatlari	**253**
Həsənzadə Səmra	Qrammatik metaforun türk dillərində reallaşması (özbək dilinin materiallari əsasinda)	**261**
Davronova Z.	Antroponimik freymlarda registrdan og‘ish fenomini (Cho‘lponning “Kecha va kunduz” romani misolida)	**272**

Tursinbayeva Sh.	Badiiy matnda onomastik birliklarning lingvomadaniy imkoniyatlari	**276**
Bekmuradova I.	O‘zbek tilidagi ijobiy fe’l-atvor leksemalarining semantik tasnifi	**283**
Imomova I.	Fitratning dramatik asarlarida maqollarning qo‘llanilishi va funksional-semantik xususiyatlari	**291**
Turgunboeva D.	Globallashuv sharoitida o‘zbek va ingliz lingvomadaniyatida miqdoriy me’yor	**297**
Amrullayeva M.	O‘zbek tilida inson xarakterini ifodalovchi frazemalarning semantik mikromaydonlari	**305**
Abdug‘afurova A.	Lingvomadaniy kodlarning poetik faollashuvi: Faxriyor va Ulug‘bek Hamdam she’riyati qiyosida	**312**
Muzaffarova Z.	Badiiy matnda qo‘llangan metaftonimik birliklarning kognitiv xususiyatlari	**322**
Jumayeva M.	Son komponentli lug‘aviy birliklarning lingvokulturologik tahlili	**327**
Xolmo‘minova H.	Frazemalarning lingvomadaniy tahlili	**333**
IV. O‘ZBEK TILINI O‘QITISHNING ZAMONAVIY METODLARI VA XORIJIY TAJRIBA		

Xusanova N.	Raqamli ta’lim muhitida o‘qish savodxonligi transformatsiyasi vositasida boshlang‘ich o‘quvchilarning kreativligini shakllantirish	**337**
Mamirova X.	Bolalarda ko‘p ma’noli so‘zlarni o‘zlashtirishning psixolingvistik mexanizmlari va til ta’limiga ta’siri	**344**
Arolova N.	Maktabgacha yoshdagi o‘zbek bolalari nutqida sintaktik tejamkorlik	**351**
Mirnosirova D.	Nutqiy ijod haqidagi nazariy qarashlar talqini	**356**
Nurboboyeva R.	Erta yoshdagi bolalar ta’limida adabiyotning tutgan o‘rni	**363**
Keldiboyeva M.	O‘zbek tili omonimlarini o‘zlashtirishda kontekst va assotsiatsiyaning psixolingvistik roli	**369**
V. TARJIMA VA LINGVOMADANIY ALOQALAR: XALQARO HAMKORLIKNING MUHIM OMILI SIFATIDA		
Mustafa Said Arslan	Türkiye türkçesi ve özbek türkçesi arasindaki yakinliğin öğretimdeki yansimalari: özbek türkçesi öğretiminde karşilaşilan sorunlar ve öneriler	**378**
Kalanova D.	O‘.Hoshimov “Dunyoning ishlari” asarining koreyscha tarjimasida milliy-madaniy realiyalarning berilishi	**389**

Muhammadiyeva D.	Ko‘p tilli parallel korpusning tarjima birliklarini qiyosiy o‘rganishdagi imkoniyatlari	**400**
Abbasova Ş.	Özbek Yazı Dili ve Azerbaycan Türkçesi'nin Ağızlarında Akrabalık Terimleri	**411**
Qarshiyev K.	Badiiy tarjimaning adabiy-estetik tafakkur evolyutsiyasiga ta’siri (Jamol Kamolning tarjimonlik faoliyati misolida)	**418**
Rahimova Z.	Parallel korpuslarning tarjimashunoslik va qiyosiy tilshunoslikdagi ilmiy ahamiyati	**428**
Bozorova S.	Rus tilidagi ayrim gippologik birliklar tadqiqiga doir	**433**
Axmedova N.	O‘zbek va ingliz tillarida ruhiy holat birliklarining semantik farqlari va kontekstual tarjimasi	**442**
Davlatova R.	Sun’iy intellekt asrida inson nutqi, tilni idrok etish va psixolingvistik jarayonlar	**448**
Turdiyeva R.	Ingliz, qoraqalpoq va o‘zbek tillaridagi maqollarda zoonimlarning lingvokognitiv tahlili (“bo‘ri” misolida)	**462**
Ataniyazova S.	O‘zbek va ingliz tillarida mayl, zamon va modallikning muloqot xulqidagi funksional-uslubiy imkoniyatlari	**466**
Sayfiyeva K.	O‘zbek va ingliz fitonim komponentli maqollarida inson	**472**

	konseptining kognitiv metaforik modellari	
Tillayeva O.	O‘zbek va turk maqollarida erkak konseptining semantik maydoni	**485**
Musurmankova Sh., **Abdullayeva D.**	“Ikki eshik orasi” romanidagi murojaat birliklarining lingvomadaniy xususiyatlari va tarjima muammolari	**495**
Abdullayeva M.	Ingliz va o‘zbek maqollarida nutqiy antonimiyaning lingvokognitiv xususiyatlari	**502**
VI. AXBOROT TEXNOLOGIYALARI VA RAQAMLI MUHITDA O‘ZBEK TILINING RIVOJI		
Abjalova M.	O‘zbek tili multikorpusida aksentologik korpus va uning ahamiyati	**513**
Elova D.	O‘zbek normativ-huquqiy matnlarini lingvo-mantiqiy annotatsiyalash mezonlari	**524**
Kasimova Z.	O‘zbek tili iboralar korpusini yaratishning lingvistik va kompyuter asoslari	**534**
Nurullayeva O.	Barqaror birikmalar resurslari va parallel korpus uchun baza tuzish mezonlari	**542**
Musulmonova K.	Lingvistik ekspertologiyada matn identifikatsiyasi bo’yicha ekspert xulosalarini shakllantirishning nazariy va amaliy asoslari	**550**

Umarova Sh.	Kollokatsiyalarni korpus asosida aniqlashning nazariy va metodologik asoslari	**556**
Akramdjanova M.	Parallel korpusning madaniyatlararo kommunikatsiyadagi o‘rni	**564**
Buronova R.	Raqamli muhitda o‘zbek tilidagi neologizmlarning shakllanishi	**570**
Shodmonaliyeva Y.	Sentiment tahlilda tasdiq-inkor emojlarining diskursiv va pragmatik funksiyalari	**576**
Rayimjonova M.	Rauf Parfi she’riyatining leksik-statistik xususiyatlari	**591**
VII. XALQARO TA’LIM DASTURLARI VA O‘ZBEK TILI: IMKONIYAT VA ISTIQBOLLAR		
Mirzəli Məleykə	Azərbaycanda özbək dilinin tədrisi: təcrübə və perspektivlər (bakı slavyan universitetinin timsalında)	**595**
Iskandarova G.	O‘zbek tilini ikkinchi til sifatida o‘rganishda so‘z ma’nolarini o‘zlashtirish	**603**
VIII. O‘ZBEK TILI VA DIPLOMATIYA: XALQARO MUNOSABATLARDA TILNING O‘RNI		
Темирова Б., **Темирова М.**	Кыргыз, өзбек тилдери жана алардын адабий-маданий байланыштардагы ролу	**610**

Nazarov Q.	O‘zbek diplomatik diskursida metaforalarning kommunikativ-pragmatik xususiyatlari	**620**
IX. ILMIY TADQIQOTLAR VA LINGVISTIKADA XALQARO HAMKORLIK MASALALARI		
Berdak Yusuf	O‘zbek tilining shakllanish jarayoni va eski o‘zbek tili terminlari	**626**
Qurbonova M.	Xarizmatik nutq haqidagi nazariy qarashlar talqini	**632**
Umurzoqova M.	Erkin A’zam asarlarida lisoniy shaxs tiplari	**640**
Mirzaali Malika	O‘zbek tılının mavsumıy marosımlar leksıkasıda turkıy areal mavqeyı	**646**
Məmmədova A.	Xarəzm Türkcəsində Və Müasir Özbək Dilində Qohumluq Terminlərində Cins Kateqoriyasinin İfadəsi	**661**
Tuxtasinova M.	L.Z.Budagov lug‘atidagi umumturkiy leksik fond: “tur.” pometali leksemalarning tarixiy-qiyosiy tahlili	**670**
Abdullayeva S.	So‘z yasalishını qıyosıy-tıpologık tadqıq etısh metodologıyası va tahlıl mezonları	**681**
Xasanova G.	Kinesikaning lingvistik tadqiqi: shakllanish tarixi va kommunikativ funksiyalari	**688**

Rajabov N.	O‘zbek tilida ng fonemasining talaffuzi, imlosi va tarixiy taraqqiyoti	**695**
Mirzayeva G.	O‘zbek tilida tovush o‘zgarishlarining neyrolingvistik asoslari	**699**
Arislanova M.	She’riy matnning konseptual tizimi va lingvokognitiv xususiyatlari (Erkin Vohidov ijodi misolida)	**706**
Muhammadiyeva M.	“Shum Bola” qissasidagi ba’zi polisemantik leksemalar tahlili	**717**
Abdullayev G‘.	Fitrat she’riyatidagi turkiy so‘zlarning emotsional-ekspressiv xususiyatlari	**722**
Tursunova S.	Ironiyada implikatura fenomeni va yashirin ma’no mexanizmlari	**726**
Turobova N.	Badiiy diskursda morfologik vositalarning pragmatik xususiyatlari	**737**
Utegenova O‘.	O‘zbek tilida tasviriy ifodalarning badiiy matnda qo‘llanilishi	**744**
Komilova G.	Tarixiy-badiiy matnlar korpuslarini yaratish zarurati va ularni semantik modellashtirish masalalari	**749**
Haydaraliyeva Sh., Mo‘minova M.	O‘zbek tili leksikasining taraqqiyot tamoyillari va semema tushunchasi	**759**

Axmedova M.	Diskurs tushunchasining lingvistik talqini: nazariy yondashuv va ilmiy qarashlar	**768**
Komilova Sh.	Lingvokultrologiyada evfemizm va milliy mentalitet: ayollar nutqi misolida nazariy talqinlar	**774**
Suyunova D.	“Boburnoma” dagi leksik qatlamlarning “Boburiynoma”da badiiy qayta faollashuvi: leksik-semantik va funksional-uslubiy tahlil	**780**
Maqsudaliyeva Y.	Lingvistik ekspertiza va lingvokriminalistik tahlil: nazariya va amaliyot	**786**
Abdurasulova D.	O‘zbek qizlari nutqidagi neonim va slenglarning pragmalingvistik tadqiqi	**792**
Majidova M.	Tibbiy soha rahbarlari kinesik nutqining lingvosomatik tadqiqi	**797**
Abdullayeva I.	Gender qadriyatlarning aksiolingvistik tahlili	**802**
X. O‘ZBEK TILINING OMMAVIY AXBOROT VOSITALARI VA MEDIA MAKONIDAGI O‘RNI		
Saydaliyeva M.	Kinodiskurs multimediali muloqot tizimi sifatida	**809**
Otaxonova S.	Mediamatnlarda antroponimlarning pragmatik imkoniyatlari	**813**